Дидактика

№10 (37) январь, 2025-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

## НЕОМИЦИН ГЕЛИ – ТЕРИ ООРУЛАРЫН ДАРЫЛАЙТ



3-бетте

## ГҮЛИНА ЖАМГЫРЧИЕВА - БЕЛГИЛҮҮ КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРИСТИ ЖАНА АДАБИЯТЧЫ



4-бетте

## Эдуард Кубатов ОшМУда альпинистерди даярдайт



ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков Кыргыз альпинизм жана аскага чыгуу федерациясынын президенти Эдуард Кубатов менен жолукту. Анда тараптар өлкөнүн спорт туризмин, тоо ГИДдерин даярдоо боюнча меморандумга кол коюшту. Максаты - республиканын түштүк аймагын өнүктүрүү болуп саналат.

Ага ылайык, ОшМУнун базасында кесипкөй альпинисттик секция ачуу пландалууда. Бул жумуштар ушул жылы ишке аша баштайт. Ал үчүн Альпинизм федерациясынын белгилүү машыктыруучулары окуу жайга келип, студенттерди машыктырат. Бул багытта атайын шарттар түзүлөт.

"Ошто, ОшМУнун базасында биринчи кыргыз улуттук алпинизм боюнча спортчуларды, машыктыруучуларды чыгарабыз", -деди Эдуард Кубатов.

Ошондой эле ал мындай иш-аракеттерди колдоого алган окуу жайдын жетекчисине ыраазычылык билдирди.

Андар сырткары Эдуард Кубатов университеттин табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунда студенттер менен жолукту. Анда келечек пландар боюнча кызыктуу талкууларды өткөрдү.

Эдуард Кубатов III даражадагы "Манас" орденинин ээси. Кыргызстандын Улуттук олимпиада комитетинин алтын медалын алган. Дүйнөдөгү эң бийик Эверест (8848 м) чокусун багындырган алгачкы кыргыз альпинисти. Учурда Кыргыз альпинизм жана аскага чыгуу федерациясын жетектейт. 2024-жылы Гиннестин рекорддор китебине кирген.



## КЕСИПТИК БИРЛИК АР ДАЙЫМ – КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КАМЫН КӨРӨТ

6-7-бетте




## “Ыйман” билим берүү уюму бөбөктөрдү кабыл алууда

Ош мамлекеттик университетинин “Ыйман” мектепке чейинки балдарга билим берүү уюму эки жаштан алты жашка чейинки бөбөктөрдү кабыл алууда. Уюм Ош шаарынын Манас-Ата (ХБК) кичи шаарчасынын Уркуя Салиева көчөсүндө жайгашкан. Кабыл алуу электрондук болуп, oshsu.kg сайтында “Катталуу” шилтемеси аркылуу жүргүзүлүүдө.

Мекемеде жеткинчектер орус тили жана көп тилдүүлүккө басым жасалып тарбияланып, окутулат. Андан сырткары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен англис, арап, түрк тилдери үйрөтүлөт. Ал эми жогорку жана мектепке даярдоочу тайпаларда кыздар үчүн хореография, балдарга самбо ийримдери иштейт.

Дареги Ош шаары, Манас-Ата кичи району(ХБК), У.Салиева көчөсү, 37.



## ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ ТАРМАГЫН КООРДИНАЦИЯЛАГАН СПОРТТУК КЛУБ ИШТЕЙТ

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков окуу жайда дене тарбия багытында иш алып барган кафедралар, структуралар, окутуучулар жана машыктыруучулар менен жолугушту.

Жыйында университетте дене тарбия жана спорт тармагын жайылтуу жана аны өнүктүрүү багытында түзүлгөн спорттук клубдун жобосу тууралуу сөз болду. Клуб окуу жайдагы бардык спорттук иш-чараларды эффективдүү башкаруу, координациялоо боюнча иш алып барат. Мындан сырткары окуу жай жетекчиси бардык спорттун түрлөрү боюнча алдыда жасалчу иш аракеттер, дене тарбия сабактарынын жүрүшү, мугалимдин илимий ишмердүүлүгүнүн аныкталышы боюнча пикирин айтты.

“Спорттун бир нече түрү боюнча кесиптик клубдарды түзүп, келечекте республикадагы, эл аралык деңгээлдеги чон спорттогу ийгиликтерди жаратабыз деген амбициялуу пландарыбыз бар. Ошол пландарды ишке ашыруу үчүн ар бир окутуучу салым кошуусу зарыл”, -деди ректор.

Жолугушууда спортту өнүктүрүүгө салым кошкон окутуучуларга, спортчуларга ыраазычылык баракчаларын тапшырды.

Учурда университетте беш профессионалдык клуб, спорттун 16 түрүнөн 22 секция иш алып барат.

# ОШМУНУН СТУДЕНТТЕРИ КОЙЛОРДУН МЭЭСИНЕ ОПЕРАЦИЯ ЖАСООДО



Ош мамлекеттик университетинин студенттери чоң медициналык жетишкендикке жетүүдө. Студенттер өлкөнүн түштүк аймагындагы мал жандыктарды даарылап, уникалдуу операцияларды жасашууда.

Ветеринария факультетинин 5-курстун студенти Эрболот Рыскулбеков “айланбаш” дартына чалдыккан Арашан породасындагы койдун мээсине операция жасады. Жаш адистин айтымында, бул оорууга жандыктар жайлоодо жайылып жүргөндө кабылат. Койлодун мээсине суу толуп, курт түшүп, анын натыйжасында "айланбаш" оорусунун жайылып кетүү коркунучу жаралат. Мындай учурда мээге операция жасоо зарыл. Эрболот өзүнүн теориялык билимин практикада колдонуп, 3 жылдан бери малдарды дарылоону колго алган. Андан сырткары башка студенттер да малдагы кооптуу ооруларды аныктап, инновациялык методдорду колдонуп, өздөрүнүн билимин жеринде практикада колдонуп жатышат.





ОшМУ пресс

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ОШМУНУН БАЗАСЫНДА ИШТЕЛИП ЧЫККАН НЕОМИЦИН ГЕЛИ – ТЕРИ ООРУЛАРЫН ДАРЫЛАЙТ

Экономиканын локомотиви – өндүрүш экенин баарыбыз жакшы билебиз. Союз тарагандан кийин дарыканада даярдалуучу дарылардын ассортименти азайып, дарыгерлер менен фармацевтердин ортосундагы байланыш солгундап, өндүрүшү бар аптекалар жабылууга дуушар болду.

Биздин мамлекет дары-дармектердин 90 пайыз чет өлкөлөрдөн алып келип камсыздайт.

2020-жылдагы COVID-19 пандемиясы ар бир мамлекетте дарыканада дары-дармектерди өндүрүү зарыл экенин айкын көрсөттү.

Пандемия учурунда чек аралар жабылып, Кыргызстанга дары-дармек запасы келбей калганы үчүн дарылар менчик аптекаларда 3-4 эсе кымбат сатылган. Ошондой эле беткаптар да өлкө ичинде өндүрүлбөгөнү аныкталды.

Биздин Республикадан айырмаланып, жакынкы жана алыскы өлкөлөрдө рецепт боюнча жана рецептсиз даярдалуучу дарыларды өндүрүп, калктарын сапаттуу, эффективдүү жана арзан дарылар менен камсыз кылышууда.




Экономикасы өнүккөн АКШда дары-дармек жүгүртүүсүнүн 5, Польшада 80 пайызы дарыканада даярдалат.

Индия жана Кытай мамлекеттеринде дары каражаттары эл аралык стандарттарга ылайык, пациенттердин көзүнчө рецепт боюнча даярдалып берилет.

Медицина тармагында, тактап айтканда, аптекалардагы дары формаларын өндүрүү — рецепт менен жана рецептсиз даярдалуучу дарыларды арзан, коопсуз жана эффективдүү кылууда маанилүү роль ойнойт. Ар бир даярдалган дары белгиленген талаптарга ылайык көзөмөлдөн өткөрүлүп, пациенттерге берилет.

Заводдо чыгарылган стандарттуу дары-дармектер педиатриялык, гериатриялык жана дерматологиялык оорулууларды дарылоодо дарыгерлердин талаптарын толук канааттандырбайт. Ошондуктан, дарыгерлер ар бир ооруну пациенттин жашына жана салмагына жараша рецепт аркылуу жекече дары каражаттарын жазып беришет.

Дарыканада өндүрүлгөн дары-дармек каражаттары дерматологиялык, көз, мурун, кулак ооруларына, ошондой эле кардиологиялык жана неврологиялык орфандык (сейрек кездешүүчү) ооруларга, курч оорулар менен жабыркаган бейтаптар үчүн да буйрутма боюнча даярдалат. Союз мезгилинде ар бир дарыгердин буйрутмасы боюнча жазылган рецептке ылайык дары-дармек өз убагында даярдалып берилген.

Азыркы учурда көпчүлүк жеке менчик компаниялардын аптекалары заводдон чыккан стандарттуу дары-дармек каражаттары менен камсыздалган, ал эми рецепт менен дары даярдоочу аптекалар дээрлик жокко эсе.

Учурда сасык тумоо жана курч вирус инфекциялары күч алып турган мезгилде антигриппиндин үч дозасын даярдоого болот:

*3 жашка чейинки балдар үчүн*

*жаш балдар үчүн*

*чоңдор үчүн*

Ошондой эле жөтөлгө каршы дары чөптөрдөн жасалган микстуралар, териге каршы мазь, линимент, паста жана гелдерди даярдап, калкты арзан, коопсуз жана эффективдүү дары-дармек менен камсыз кылууга болот.

Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин базасында неомицин гели иштелип чыкты. Бул гелди аптеканын шартында даярдоого болот. Биринчиден, ал арзан жана курамында 95 пайыз тазартылган суу, 5 пайыз гелдин негизги затын пайда кылуучу кошумча компонент бар. Ошондой эле гелдин 1 граммына неомицин сульфаты кирет.

Гелдин курамындагы неомицин сульфаты аминогликозиддер тобундагы кеңири спектрдеги антибиотик болуп эсептелет. Ал микробдорго, айрыкча анаэробдук жана спора түзбөгөн грамоң бактерияларга, анын ичинде Actinomyces spp., Propionibacterium spp., Eubacterium spp. таасир этет. Ошондой эле анаэробдук жана микроаэрофилдик кокторго, анын ичинде Peptococcus spp., микроаэрофилдик стрептококторго, аэробдук грамтерс бактерияларга, анын ичинде Staphylococcus spp., Streptococcus spp., ошондой эле Streptococcus pneumoniae штаммдарына каршы таасир этет.

Гель ткандарга биологиялык мембраналарга зыян келтирбестен терең кирип, алардын калыбына келүү процессин жөнгө салат. Ал ириң жана некротикалык массалар болгондо да антибактериалдык таасирин сактап, патогендик микрофлоранын өсүшүн алдын алат жана сезгенүү процесстерин басат. Мындан тышкары, ириң агуу процессин токтотуп, эпидермистин калыбына келүүсүнө жардам берип, айыктыруучу таасир көрсөтөт.

## КЛИНИКАГА ЧЕЙИНКИ ИЗИЛДӨӨЛӨР

Түштүк регион боюнча Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборунда клиникага чейинки изилдөөлөр жүргүзүлүп, атайын виварийлерде багылган чычкандарда жана деңиз чочколорунда пайда болгон тери оорулары неомицин гели аркылуу күн сайын дарыланып, жаралардын айыгышына көзөмөл жүргүзүлдү.

2024-жылдын 30-ноябрында өткөн “Студент жана илимий-техникалык прогресс” аттуу XXI аймактык студенттик илимий конференциянын морфо-клиникалык изилдөөлөр секциясында неомицин гелинин аптека шартында даярдалышы жөнөкөй жана баасы арзан экендиги далилденип, комиссиянын чечими менен биринчи орун ыйгарылды.

Жыйынтыктоочу изилдөөлөр көрсөткөндөй, даярдалган гель төмөнкү тери ооруларын дарылоого жардам берет:

- ***жарааттардын патогендүү микрофлора менен инфицирленүүшү жана ириңдүү абсцесстер***
- ***күйүктөр (негизинен 2-3-даражадагы)***
- ***жараат алганда ткандардын бүтүндүгүнүн бузулушу***
- ***некротикалык процесстер***
- ***ыйлакчалуу жана кургак экземалар***
- ***трофикалык жаралар***
- ***безеткилер, карбункулдар, чыйкандар***
- ***отит***
- ***операциядан кийинки жараааттарды дарылоо***
- ***пролежни (жаткандан пайда болгон жаралар).***

Неомицин гелинин колдонуу мөөнөтү жана сапатын аныктоо ыкмалары тастыкталгандан кийин, Ош мамлекеттик университети тарабынан бул гелди дарыканаларда даярдоого сунуштоо чечими кабыл алынды. Учурда дагы да такталып, изилдөөчү дарыгерлер өз практикасында колдонуушууда. Эгер университетибиз тарабынан жакшы колдоого алынса кыргыз медицинасында чон жетишкендик болмок.



Нурдөөлөт РЫСБЕКОВ,
ОшМУнун медициналык колледжинин фармацевтикалык технология предметинин мугалими.КР улуттук каратэ Шотокан федерациясынын президенти, КР каратэ боюнча эмгек сиңирген спорт чебери, каратэ боюнча дүйнөнүн эки жолку жана бир нече эл аралык мелдештин чемпиону.



***Гүлина Төлөбаевна Жамгырчиева - филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстандын билим берүү жана илим тармагындагы алдыңкы адистердин бири. Ал кыргыз фольклорундагы эпос жанрын изилдеп, “Манас” эпосуна өзгөчө маани берген. Кыргыз фольклорундагы изилденбей жаткан же болбосо кенен маани берилбей келген түштүк манасчыларынын чыгармачылыгына байкоо салган. Илимпоз айымдын өмүр жана илимдеги жолуна, аялдык бактысына назар салдык.***

# ГҮЛИНА ЖАМГЫРЧИЕВА - БЕЛГИЛҮҮ КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРИСТИ ЖАНА АДАБИЯТЧЫ



## БАЛАЛЫГЫМ КИТЕП ОКУУ МЕНЕН ӨТТҮ

-Менин атам Жамгырчиев Төлөбай Токтогул районундагы Бала-Чычкан айылында туулган. Кесиби ветеринар болгондуктан өкмөттүн тапшырмасы менен Өзгөндө, Алайкуда, Ала-Букада жоопту кызматтарда иштеди. Мен Өзгөн районунда туулдум. Бирок, кийинчерээк өз жерибизге кеттик. Атам бир нече тилдерди билген, дүйнө таанымы кең, дээринен зээндүү инсан болчу. Ал кыргыз, орус, өзбек, украин тилдеринде газета-журналдарды, китептерди окуур эле. Ошондуктан, үйдө Кыргызстандын “Чалкан” сатиралык журналы менен бир катарда, Россиянын “Крокодил”, Украинанын “Перец”, Өзбекстандын “Муштум” журналдары болор эле.

Апам Жанбаракова Мария Токмок шаарындагы китепканачыларды даярдоочу окуу жайдан билим алган. Атам менен апам 4 кыз, 3 уулду татыктуу тарбиялашты. Алардын билим алуусуна ар дайым басым жасашып, көзүнө жакшы китеп урунса эле үйгө алып келе бергени жетөөбүздүн тең билимдүү, элдин камын ойлогон инсан болушубузга шарт түздү. Атам тоолуу айылдарда иштеп жүрсө да апамдын өсүп-өнүгүүсүн чын дилден каалачу. Балдарынын жаштыгына карабай, апам да ОшМУнун кыргыз филология факультетин аяктап, тилчи, адабиятчы мугалим катары мектептерде эмгектенген. Бул жалпы үй бүлөбүзгө чоң таасирин тийгизди. Себеби кыздары төртөөбүз тең ОшМУдан билим алган мугалимдербиз. Апам атамдын аракети, колдоосу менен өзү баштап бизге ушул династияны түзүп берди.

## ХОББИМЕ БАЙЛАНЫШТУУ КЕСИП ТАНДАДЫМ

-Үйүбүз китептерге толо болчу. Аларды, мектептеги китепкананы окуп бүтүп, айылдык, райондук китепканаларда да тынбай окудум. Бул менин кесиптеги, илимдеги жолумда чоң база болуп берди. Ош МУнун, тактап айтканда, ошол кездеги Ош мамлекеттик пединститутунун кыргыз филологиясы бөлүмүн 1986-жылы артыкчылык дипломy менен аяктадым. Бөлүштүрүү боюнча Токтогул районундагы “Эмгек” орто мектебинде эки жыл иштедим. 1988-жылы Ош мамлекеттик пединститутуна жумушка орноштум. Ошол мезгил кыргыз тили мамлекеттик тил статусун эми алып жаш баладай бир жыгылып, бир туруп жаткан мезгил эле. Жогорку окуу жайларга кыргыз тилинин практикалык курсу кафедралары ачылып, жаңыдан жандана баштаган учурда иш баштап калдым. Ошондон тарта 36 жыл убакыт өмүрүмдү, сүйүүмдү, эмгегимди ОшМУга арнадым. Бул аралыкта мен окутуучулуктан профессорлукка чейинки тепкичти басып өттүм. 1995-2001-жылдары Кыргыз адабияты кафедрасынын улук окутуучусу, факультеттин илимий иштери боюнча декандын орун басары, 2001-2010-жылдары педагогика жана дене тарбия факультетинин кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын башчысы, 2010-жылы кыргыз филологиясы факультетинин деканы, 2011-жылдан кыргыз адабияты кафедрасынын доценти жана ОшМУнун мамлекеттик тил боюнча проректору, азыр болсо ошол кафедранын профессору кызматын аркалап жатам. Бул эмгектеримди мамлекет, окуу жайыбыздын жетекчилиги баалап, ОшМУнун Ардак Грамоталары, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы ыйгарылды, 2006-жылы элге билим берүүнүн мыктысы наамы ыйгарылды. Андан сырткары Ош шаарынын мэриясы, кыргыз тилин окутуу боюнча түрдүү министрликтер да эмгегимди баалап, сыйын көрсөтүп келет.





Илимий жетекчим, устатым Кыдырбаева Раиса Заитовна, филология илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү.

## ИЛИМ ЖОЛУМ МАНАС ЭПОСУНА БАЙЛАНЫШТУУ БОЛДУ

-Жашоо 3 мезгилден турат - өткөн чак, учур чак жана келер чак. Менин илим жолум кыргыз фольклору, эпостору болгондуктан элибиздин рухий басып өткөн жолуна көп кайрылдым. Бул руханий дүйнөнү адамдын кичинекей жүрөгүнө сыйдыруу, андагы энергияны жаш муунга жуктуруу, кагаз бетине түшүрүү оңойго турбады. Ошол изилдөөлөрүмдү студенттерге билим берүүдө колдонуу аркылуу, келечектин пайдубалын түптөп, кыргыз фольклорунун, кыргыз элинин улуу эпосторунун өмүрүн улап жатканым мага ар дайым дем берип турду. 1995-жылы “Манас эпосундагы салттуу эпикалык формулалар” темасында кандидаттык диссертацияны жактадым. 2017-жылы “Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер (“Манас”, “Эр Төштүк”, “Кожожаш” эпостору боюнча)” деген темада докторлук диссертациямды ийгиликтүү коргодум. Бул убакыт аралыгында 3 монография жана 4 окуу колдонмонун, дисциплиналар боюнча окуу программаларынын, 80ден ашуун илимий макалалардын автору болдум.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы абдан бай жана түгөнгүс кенч десем болот. Жогоруда белгиленгендей, илимий изилдөөлөрүмдө оозеки чыгармачылыктагы эпосторго чоң маани бердим. Мисалы, Ноокаттык манасчылардан 1941-жылы согуштан алдын башкыр улутундагы окумуштуу Каюм Мифтаков жазып алган материалдарды Бөрүбай Султанов, Акун Ташов, Матисак Акбаев, Анаркүл Тажибаеванын аттуу манасчылардын айтууларына басым жасадым. Ошол варианттарда Манас эпосунун окуясы бирде кара сөз түрүндө, бирде ыр түрүндө берилген архаикалык мотивдер сакталып калган. Алар “Манас” эпосунун башка варианттарында жок. Ошондой эле алардын Ч. Валихановдун, В.В. Радловдун манасчылардан жазып алган варианттардан кездештирсек болот. Ал эми негизги варианттарда окуялар реалдашып, көөнө сюжеттер өзгөрүлүп, кийинки турмушка ылайыкташып кеткен. А бизге окуялардын негизги

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

сюжети маанилүү.

### АЯЛДЫК БАКЫТЫМ

-Мен билимдүү ата-энеден тарбияланып, турмушумда дагы билимдүү үй- бүлөгө туш болдум. Бул менин эң чоң аялдык бактым деп билем. Жолдошум инженер-энергетик. Кайнатам МГУну аяктаган билимдүү адам болчу. Бизге жол көрсөтүп, жакшы таасирин тийгизди. Биз бир уул, бир кызды өстүрдүк. Уулум, чет тилдерде эркин сүйлөйт жана спортто да өзүн көрсөтүп келет. Кызым ОшМУнун медицина факультетин аяктап, стоматолог. Ал кол өнөрчүлүккө, музыкага, жалпы эле искусствого да кызыгат. Жолдошум экөөбүз аларды билимдүү жана каада-салтыбызды, наркыбызды сактаган инсан катары калыптануусуна жан үрөп келебиз.

Окутуучунун негизги милдети сабаттуу, билимдүү жаштарды тарбиялоо болгондуктан менин негизги максатым - кесипкөй адистерди даярдоо. Азыр Кыргызстандагы ЖОЖдор, анын ичинде өзгөчө статуска ээ болгон ОшМУ академиялык билим берүү мекемесине айланды. Менин аспиранттарым, студенттерим ушул нерсени түшүнсө дейм. Себеби, окутуучу өзү илимий билимдерге ээ болсо жаштарды ар тараптуу колдоого алып, шык-жөндөмүн ачат. Ал эми шыктуу жаш адам максатына жетмейинче тынчыбайт.

### УСТАТЫМ – ЖАШООДОГУ МАЯГЫМ

-Гулина Төлөбаевнанын аспиранты болуу менин илимдеги жолумдун ачыктыгы деп билем. Себеби, эжекенин илимге кылган мамилеси, талабы мени таң калтырат. Ал санга эмес сапатка маани берген инсан. Өмүр жолуна кайрылсак, бир топ илимий-методикалык эмгектердин автору. Аларда илимпоз катары абдан сарамжалдык менен эмгектенип, ар бир теманы иликтеп, жиликтеп, ар тараптуу тактап анан окурманга сунуштаган. Ал абдан кылдаттык менен өзүнүн аспиранттарына жүрөгүнөн күйүп-бышып мамиле жасап, кыргыз адабиятына жанын берген, жаштарга чон үлгү болчу адам. Элди, жерди сүйүүнү ар ким ар кандай түшүнөт. Бирок, мен эжекенин илимге жасаган эмгектерин карап туруп кыргыз элинин наркын, салтын улап келе жаткан патриот айым катары эсептейм. Эжекем жакында 60 жашка чыгат. Бул кутман курагы менен чын дилден куттуктап, мындан ары да кыргыз адабиятына чоң иштерди жасайт деген терең ишенимим бар. Гүлина Төлөбаевна менин жашоомдо маяк катары, ар тараптуу колдоого алып, илимге жол көрсөткөн чырак катары жарык берген инсан.

**Эрматова Алтынай, ОшМУнун аспиранты. Заманбап эл аралык университетинин карьера борборунун жетекчиси.**

### ЭЖЕКЕ АР ДАЙЫМ КОЛДОП ТУРАТ

- Кыргыз филологиясына алгач келгенимде эжеке бизге “Манас таануу” сабагынан берген. Ошол учурда эжекемдин маалыматтуулугу, илимий көз карашы, сөз байлыгынын кенендиги менен аябай кубанткан. Ал "Манас” эпосун сюжетин гана айтып тим болбостон, ар тараптуу изилдениши, кошумча маалыматтарды студенттерге көп айтып берчү.

Кийин магистратураны аяктап, аспирантурага тапшырууга белсендим. Ошол мезгилде Гүлина эжекени тандадым, себеби ал учурда эжекенин илим чөйрөсүндө жылдызы жанып турган учуру эле.

2022-2023-жылдары Гүлина эжеке менен биргеликте Кыргыз улуттук илимдер академиясынын тил жана адабият бөлүмү менен проект алып бардык. Кенже эпостордун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчүн түзүп чыкканбыз. Сөзүмдүн аягында эжекемдин 60 жаш курагы куттуу болсун демекчимин. Ден соолугу бекем болуп, каалаган ой-максаттарына жетип, ийгиликтерди багындырып жүрө берсин. Бир гана түштүк регионунда гана эмес, түндүк тарапта, Татарстан, Башкирия жактарда да таанымал. Бизди, аспиранттарды да, дүйнөлүк деңгээлге чыгууга үндөп келет ар дайым. Шакирттерин колдоп, үй-бүлөлүк абалын түшүнүп, ишибизди алга жылдырууга далалаттанып, кеп-кеңешин айтып келүүдө. Адамгерчилигин, жөнөкөйлүгүн аябай баалаймын. Дагы да көп магистрант, аспиранттарды тарбиялап, илим чөйрөсүнө салым кошо беришине тилектешмин!

**Бекишова Шайыргүл,**

**ОшМУнун аспиранты, 3-курс.**

Даярдаган: Каныкей ЖОРОЕВА.

# ЭМИЛЬ САГЫНБАЕВ - ШЫКТАНДЫРУУЧУ ОКУТУУЧУ




Ар бир адамдын өмүр бою эсинде калган окутуучулары болот. Ошондой мугалимдердин бири Чыгыш таануу институтунун психология предметинин мугалими Эмиль Сагынбаев. Анын лекциялары жана практикалык сабактары студенттер үчүн билимдин гана эмес, чыныгы шыктандыруунун булагы десек болот.

Алгачкы лекция күндөрүнөн эле Эмиль Сагынбаев жогорку деңгээлдеги адис катары студенттерге сыпайы жана дос катары мамиле кылгандыгы биздин жүрөгүбүздү жылытты. Ал татаал темаларды жөнөкөй тил менен түшүндүрүп, өзүнүн жашоосунан алынган мисалдарды келтирип жатты. Бул материалды түшүнүктүү гана эмес, жашоого жакын, иш жүзүндө пайдалуу кылып берди. Анын талапчылдыгы студенттерге болгон сый-урмат менен айкалышып, баарын өздөрүнүн үстүндө иштөөгө жана жыйынтыкка жетүүгө түртү берди.

Айрыкча, анын практикалык сабактарга болгон мамилесине көңүл буруута арзыйт. Лекцияларда өткөн материалдарды жөн эле кайталоонун ордуна, студенттер талкууларга катышып, тегерек стол уюштуруп, эң талуу жана актуалдуу темаларды да талкуулап турушту. Мындай формат сабактарды кызыктуу гана кылбастан, сынчыл ой жүгүртүүнү, өз көз карашын негиздеп айтууну жана командада иштөөнү өнүктүрдү.

Кыйын темаларга келгенде, агайыбыз студенттерди топ-топко бөлүп, суроолорду тереңдетип изилдөөнү сунуштайт. Бул ыкма ар бир катышуучуга материалды жакшыраак түшүнүүгө жана билим берүү процессине активдүү аралашууга шарт түздөт. Ушундай ыкмалардын аркасында студенттер теориялык билимдерди гана өздөштүрбөстөн, аларды иш жүзүндө, чыныгы жашоодо колдонууга да үйрөнүштү.

Лекциялар жана практикалык сабактар - Эмиль Сагынбаев менен байланышкан нерселердин бир гана бөлүгү. Ал ар бир студентке өзүнчө мамиле кылып, эң тартынып турган студенттердин да ачылышына жардам берип келет. Анын жашоого боюнча кеңештери жана колдоосу көптөр үчүн маанилүү тирек болуп калды. Бул аны жөн гана окутуучу эмес, чыныгы устат катары студенттерди жүрөгүнөн орун алууда.

Бүгүнкү күндө Эмиль Сагынбаевдин студенттердин өнүгүүсүнө кошкон салымы баа жеткис экенин ишенимдүү айта алабыз. Ал студенттерге жөн гана билим берип тим болбостон, чоң жашоого, ой жүгүртүүгө, талдоого жана бийиктиктерди багындырууга үйрөтүп жатат. Агайбыз дал эле дыйкан сыяктуу үрөн сээп жаткандай таасир калтырат. Буйруса бул үрөндөрү кези келгенде мол түшүмүн берет деген терең ишеничтебиз.

Агай, биз сизге чексиз ыраазыбыз жана ар дайыма бизди колдооруңузга ишенебиз!

***Чыгыш таануу иститутту***

***1-курс. Л (б)-1-24 группасы.***

# АРХИВ ТОЛУКТАЛДЫ



Ош мамлекеттик университети өзүнүн тарыхый архивин жаңы, баалуу документтер менен толуктады. Ал үчүн Бишкектеги мамлекеттик кинофотофонодокументтер архивинен окуу жайдын 1940–1960-жылдардагы ишмердүүлүгүн чагылдырган сүрөт жана кино материалдар алынып келинди.

Бул иш аракетти окуу жайдын жетекчилиги демилгелеген. Документтерди алуу үчүн тарых илимдеринин кандидаты, “Билим” лицейинин директору Нурсултан Кубанычбек уулу жиберилди. Жыйынтыгында ОшМУнун фондуна буга чейин жарыяланбаган 15 сүрөт жана үч кино документтин көчүрмөлөрү электрондук форматта алынып келинди.

Мындан сырткары К.Баялинов атындагы китепкананын мезгилдүү басылмалар бөлүмүндө сакталып турган эски гезит-журналдардын көчүрмөлөрү да алынган. Алардын арасында Ош облустук “Ленин жолу” гезитинде жарыяланган Ош мамлекеттик мугалимдер институту жана Ош мамлекеттик педагогикалык институту тууралуу ар кандай мезгилдердеги макалалар, жарыялар жана башка маалыматтар (жалпысынан 25 бет) камтылган.

Бул тарыхый материалдар окуу жайдын фондун байытып, анын 40–60-жылдардагы ишмердүүлүгүн изилдөө үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Университет жетекчилиги тарыхый мурастарды сактоо жана изилдөө боюнча мындан ары да активдүү иш алып барууну көздөөдө.

# Кесиптик бирлик ар дайым





***Ош мамлекеттик университетинин бириккен профсоюз комитети – административдик-башкаруу жана профессордук-окутуучулар курамынын кызматкерлери, окуу-көмөкчү персоналы, ошондой эле аспиранттар, изденүүчүлөр, магистранттар жана студенттер мүчөсү болушкан республикабыздагы эң ири коомдук уюмдардын бири. Жалпыбызга белгилүү болгондой, ОшМУнун профсоюз комитетинин 2020-жылдын 20-февралында болуп өткөн XXXIV отчеттук-шайлоо конференциясында кийинки беш жылдыкка карата профсоюз комитетинин жаңыдан түзүлгөн курамынын алдына иш-пландары жана милдеттерди койгон токтом кабыл алган. Анда б.и.к., доцент Апсамат Сатаров ОшМУнун бириккен профсоюз комитетинин төрагасы болуп шайланып, өз ишин баштаган.***

Коюлган талаптар 5 жыл ичинде канчалык ишке ашты. Ошондой эле ОшМУнун кызматкерлерине кандай шарттар түзүлдү. Бул багытта Апсамат Саттаровду кепке тарттык.

***-Апсамат Эрмаматович, айтсаңыз 5 жыл ичинде алдыга коюлган максаттар канчалык деңгээлде ишке ашты?***

-Бул убакытта бир топ иштерди аткардык. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюздарынын Борбордук Комитетинин съездинин жана Ош обласстык комитетинин конференциясынын, ошондой эле Пленумдарынын чечимдерине ылайык өз ишмердигибиздин учурдун талабына ылайык жаңы багыттарын аныктап келүүдөбүз. Албетте, профсоюздар өз ишмердигинде эмгектенген кызматкерлердин жана билим алып жаткан студент жаштардын социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоону дайыма башкы приоритет катары эсептеп келебиз. Башка коомдук уюмдардан айырмаланып, бизге өлкөнүн баш мыйзамы болгон конституциябыз, "профсоюздар жөнүндөгү", эмгек кодекси, "билим берүү", "социалдык өнөктөштүк", "жамааттык келишимдер жөнүндөгү" ж.б. мыйзамдар, мындан сырткары, бир катар мамлекеттик жана өкмөттүк нормативдик-укуктук документтерди жетекчиликке алып, Ош мамлекеттик университетинин ректораты менен профсоюз комитетинин ортосунда түзүлүп кабыл алынган жамааттык келишимдин талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө вазыйпасы мойнубузда.

Өткөн 2020-2024-жылдар аралыгындагы отчеттук мезгил ичинде жогоруда белгиленген милдеттерди аткаруу жана максаттарга жетүү боюнча профсоюз комитети өз позициясында бекем туруу менен профсоюздун мүчөлөрү болушкан эмгек жамаатынын жана студенттердин социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоодо, кабыл алынган иш-пландарынын жана чечимдердин негизинде түрдүү багыттагы бир катар жакшы жетишкендиктерди жараттык.

***-Мисалы?***

-Дүйнөнүн ар кайсыл булуң-бурчтарында алдыңкы профсоюздар жумуш шарттарын жакшыртуу, эмгек акыны жогорулатуу, өлкөдөгү социалдык жана саясый абалдын шарттарында кызматкерлердин социалдык-укуктук кызыкчылыктарын коргоо боюнча социалдык кепилдиктерди талап кылып чыгып жаткандыгы боюнча маалыматтарды азыркы кезде күн сайын көрүүгө болот. Кыргыз Республикасында да профсоюздар жөнүндөгү мыйзамдар алардын эркин, көз карандысыз ишмердикти жүргүзүүсүн тааныйт. Демек, биздеги профсоюздарга болгон элдин ишенимин арттыруу үчүн мыйзамдык укуктарды туура жана сабаттуу пайдаланууга үйрөнүшүбүз зарыл болууда. Эптеп-септеп профсоюздарды сактап калалы деген гана түшүнүктөрдү артка таштай турган мезгил эбак келген.

Анткени күчтүү профсоюздар өз өнөктөшү болгон жумуш берүүчүлөрдүн да колдоосуна ээ болуу үчүн конструктивдүү диалогдорду жүргүзгөнгө даяр жана компетенттүү болушу керек. Баштапкы уюмдардын жетекчилери – барааанду күч болууга тийиш экендигин мезгил талап кылууда. Биздин окуу жайыбыздын бириккен профсоюз комитетинин ар бир структуранын профбюро төрага-төрайымдары иштеп жатышат. Айта кетсем, кызматкерлердин ден соолугу жана маанайы башкы орунда болгондуктан, маданий иш чаралар, алардын эс алуулар башкы планда болду. Белгилүү даталарда жана майрамдык күндөрдө профсоюз комитети ректорат менен биргеликте майрамдык салтанаттарды, спорттук иш чараларды жогорку деңгээлде өткөрүп келүүдө.

Жыл сайын 23-февраль Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Бильярд» боюнча биринчилиги Ош шаарындагы "Классик" бильярд клубунда уюштурулуп, окутуучу, кызматкер агайларынын ортосунда бильярд боюнча мелдеш уюштурулат.

Жеңүүчүлөр жана мыкты оюнчулар ОшМУнун кесиптик бирлиги тарабынан баалуу белектер, диплом, кубоктор менен сыйланат. Жалпы байге фонду 2020-жылы 45800 сом, 2021-жылы 65440 сом, 2022-жылы 97420 сом, 2023-жылы 104 650 сом, 2024-жылы 143 900 сомду түздү.

Профсоюз комитети окуу жайыбызда эмгекти коргоо, жумуш шарттарын жакшыртуу боюнча мыйзамдардын аткарылышы жөнүндө кандай гана сунуштарды бербейли, талаптарды койбойлу, социалдык өнөктөш катары ректорат тарабынан алар туура кабыл алынып келүүдө.

Ак-Буура дарыясы аркылуу медициналык факультеттерге жана клиникага жөө адамдар өткөн көпүрөнү кайра куруу боюнча туурасында кызматкерлерибиз менен студенттерибиздин көптөгөн кайрылуулары бар. Андыктан ушул көпүрө кайра куруу иштери жакында башталат.

Профсоюз комитетине эмгектик талаш-тартыштар, эмгек акы, кошумча төлөмдөр, социалдык абал, турак-жай, укуктук маселелер боюнча арыздар менен кайрылуулардын ж.б. ар кандай суроолор менен кайрылгандардын саны арбын болууда. Бул багыттарда профкомдун алдындагы туруктуу комиссиялар өз иштерин талапка ылайык жүргүзүп келишти. Профсоюз комитети тарабынан жамаат мүчөлөрүнүн арасындагы майыптарга, жетим-жесирлерге ж.б. муктаждарга ректоратка өтүнүч келтирилип, ири суммадагы акчалай жардам көрсөтүүлөрдүн көлөмү жыл сайын өсүүдө. Жамааттык келишимдин 3.15-п. талаптарына ылайык материалдык жардамдарды көрсөтүү боюнча профсоюз комитети тарабынан тийиштүү өтүнүчтөр Окумуштуулар Кеңешинде каралып, анын чечимдери боюнча ректордун буйруктары кабыл алынып келүүдө. Ага ылайык университетте иштеп жаткан кызматкерлердин ичинен бир нечесине, тактап айтканда, жакындары кайтыш болгондорго, кызматкерлерибиз кайтыш болгондо, табийгый кырсыктар сыяктуу себептерден жабыркагандарга, оор илдеттер менен узак мөөнөткө ооругандарга, операция болгондорго, кызматкерлерибиздин үй-бүлөлөрүнө (4-12000 сомдон 30000 сомго чейинки) материалдык жардамдар көрсөтүлдү. Жалпы беш жыл аралыгында 51 кызматкер, ал эми жакындары каза болгондордун саны 138 кызматкерге материалдык жардам берилди. ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин философия кафедрасынын доценти Абдылдаев Жоомарт агайдын ден соолугуна байланыштуу жалпы жамааттан 440 286 сом акча чогултуп берилди. ОшМУнун дене тарбия факультетинин №2 факультеттер аралык дене тарбия кафедрасынын улук окутуусу Тойчиев Шукур агайдын жашаган үйү күйүп кетти. Жалпы ОшМУнун жамаатынан 476 522 сом акча чогултуп берилди. ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин доценти Алымкулова Светлана Батырбековнага ДТМФти -131 600 сом, ал эми ОшМУнун жамаатынан 379 441 сом, жалпы 511 011 сом чогултуп берилди. Бул да болсо жамаатын ынтымактыгынан жана кесиптик бирликтин натыйжалуу иш аракетинен кабар берет.

***-ОшМУнун кесиптик бирлиги коомдук иштерде жана өлкөнүн өзгөчө кырдаалдар учурунда кандай аракеттерди жасай алды?***

-ОшМУда пандемия мезгилинде өзгөчө кырдаал башталган алгачкы күндөн тартып атайын штаб түзүлүп иш алып барылды. 2020-жылы 27-апрелинде Ош мамлекеттик университетинин ректору Кожобековдун демилгеси менен бириккен профсоюз комитети тарабынан окуу жайда эмгектенген жардамга муктаж 130 кызматкерге учурдагы кырдаалды эске алуу менен гуманитардык жардам көрсөтүлүп, ар бир кызматкерлердин үй-даректерине күнүмдүк керектелүүчү тамак-аш азыктары жана 60 кызматкерге өздөрүнүн эсебинен 1 каптан ун жеткирилди. Ошондой эле 75 кызматкерлеринин ар бирине азык-түлүк жагынан жардам берилди.

2022-жылдын 18-сентябрында "ОшМУ Баткен менен" штабы түзүлүп, Баткен районунун Тажикистан менен чектешкен аймактарындагы айылдардан эвакуацияланып келген жарандарды, ОшМУ тарабынан даярдалган жатаканаларга жайгаштырылды. Окуу жайда психолог жана медицина кызматкерлеринен түзүлгөн мобилдүү топ иштеп, жалпы 326 адам жайгаштырышты. 100дөн ашуун ыктыярчылар келип жатаканага жайгаштыруу, ысык-тамак, кийим-кече, дары-дармектерди жеткирүү иштери жүргүзүлдү.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# – кызматкерлердин камын көрөт












Окуу жайдын жамааты жууркан, кийим-кече, дары-дармектерди жеткирүү иштери жүргүзүлдү. Окуу жайдын жамааты жууркан, кийим-кече, тамак-аш азыктары боюнча жардам беришти. Бардык жарандарга ысык тамактар берилди, биринчи медициналык жардамдар көрсөтүлдү жана зарыл каражаттар менен камсыз болушту. Аны менен бирге Баткендеги кырдаалга байланыштуу 2021-жылдын 30-апрелде өткөн окуу жайдын администрациялык кеңешинде, Баткен элине жардам берүү максатында ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы айлык маянасынын эсебинен 1 млн. сом акча которуу чечимин кабыл алып, которулуп берилди. (фотолор).

***-ОшМУнун кызматкерлеринин эс алуусу кандай уюштурулду?***

-Биздин негизги багыттарыбызды бири бул окутуучуларбыздын ден соолугуна жана эс алуусуна шарт түзүү болгондуктан, 5 жыл аралыгында биз колдон келишинче кызматкерлердин мыкты эс алуусуна көңүл бурдук.

Ысык-Көлдүн жээгинде бир агымда 120 эс алуучуну кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ «Үмүт» пансионатында 2022-жылы 21 кызматкер, 2023-жылы 36 адам, 2024-жылдын 109 кызматкер эс алып келишти. 2024-жылы "Үмүт" пансионатына 8 кызматкерди кабыл алдык. Ак-Буура» эс алуу зонасы 2024-жылы сентябрь айында толугу менен кайрадан жаны имараты курулуп бүттү. Мындан ары эс алуучуларыбызга жолдомолорду берип турабыз.

2021-жылы окуу жайдын жетекчилиги тарабынан демилгеленген иш-чараны кесиптик кошуун колдоого алып, университеттин бардык факультет, колледж, бөлүмдөрү тарабынан сунушталган алдыңкы 2021-жылы 72, 2022-жылы 75 кызматкер Ысык-Көлдөгү ар кайсы эс алуу жайларда эс алып кайтышты. Ошону менен бирге окучуучулардын билимин жогорулаттуу максатта уюштурулган семинарларга да биздин колдообуз менен бир топ кызматкерлерибиз эс алганча билим да алып келип жатышат.

2023-жылы 60 кызматкери Ыссык-Көлдүн Кара-Ой айылындагы "Телтору" пансионатында, 120 кызматкери Чок-Тал айылындагы "Дельфин" пансионатына эс алууга акысыз жолдомо менен барышты.

Андан сырткары кызматкерлерге өлкөбүздүн ар кайсы аймагында жайгашкан санаторияларга, эс алуу борборлоруна жолдомолор берилип келет. 2020-жылы 34, 2021-жылы 147, 2022-жылы 166, 2023-жылы 131, 2024-жылы 208 кызматкер кесиптик бирлик тарабынан эс алып, ден соолугун чыңдашты.

***-Кызматкерлерге колдоо максатында, алардын эмгегин баалоо жана дем берүү максатта да иштер уюштурулдубу?***

-Албетте, биздин бирлик бул багытта профсоюз иштерине кошкон салымдары жана жигердүү эмгектери үчүн профсоюздун бир катар активисттери, өнөктөштөрү жана катардагы мүчөлөрү сыйланышкан. Алар:

-ОшМУнун профсоюз комитетинин Ардак грамотасы менен – 268, Ош областтык билим, илим кызматкерлеринин профсоюз комитетинин Ардак грамотасы менен – 207, КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы менен – 36, КРнын билим берүү жана илим кызматкерлеринин Борбордук Комитетинин «Отличниги» төш белгиси менен – 46, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасы менен – 2 кызматкер, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси менен менен – 2 кызматкер сыйланды.

***-Негизги маселелердин бири жаш кызматкерлерди турак-жай менен камсыз кылуу маселесин чечүүдө кандай маанилүү кадамдар жасалды?***

- 2020-жылдын 23-ноябрындагы Ош шаардык мэриясы атайын токтом кабыл алып, ОшМУнун кызматкерлерине көп кабатуу үй куруу үчүн 2000,0 чарчы метр жер тилкесин бөлүп берген. Андан сырткары документтерди шаар мэриясынын ипотека боюнча кызматына тапшырып жатабыз.

***-Спорт жаатында да кеп козгойлу эми...***

-Ооба, спорт бул дени сак жашоо! Окуу жайыбызда спорттук иш-чаралар байма-бай уюштурулуп келет. Профсоюз комитети тарабынан профессордук-окутуучуларынын жана кызматкерлеринин ортосундагы спорттук мелдештер жогорку деңгээлде уюштурулуп өткөрүлүүдө. Байгелүү орундар үчүн биз тараптан берилген акчалай сыйлыктардын суммасы жылдан жылга көбөйүүдө. Билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Ош областтык комитети тарабынан уюштурулуп өткөрүлгөн шаардагы ЖОЖдор аралык спартакиадага катышып, ОшМУнун кызматкерлеринин командасы 2021-2024-жылдары I орунду багындырууга жетишти. Быйыл болсо ал спартакиаданы ОшМУнун спорттук базасында уюштуруп өткөрүү иш планыбызга киргизилген.

Жыл сайын ОшМУда факультеттер жана колледждер аралык профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда спорттун 5 түрү боюнча спартакиада өтөт. Спартакиадалардын байге фонду 2021-жылы 64100 сом, 2022-жылы 110 700 сом, 2023-жылы 149 295 сом, 2024-жылдын 196 500 сомду түздү.

Ал эми Чолпон-Ата шаарынын «Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясынын спорттук базасында Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулар кызматкерлери арасында өтүүчү «Ден соолук» спартакиадасында ОшМУнун кызматкерлери командалык эсепте биринчиликке жетип, айымдарыбызда активдүүлүгүн көрсөтүп келишет.

***-Кесиптик бирлик улгайган ОшМУда эмгектенип, учурда эс алуудагы кызматкерлерди да унутта калтырбаса керек?***

-"Карысы бардын – ырысы бар" демекчи, бүгүнкү күндө "Даңк" ордендүү, куттуу окуу жайыбыз болгон ОшМУда иштеп жаткан жана ардактуу эс алуудагы 560тан ашуун ардагер агай-эжейлерибиз бар. Жыл сайын 1-октябрь Улгайгандардын эл аралык күнүнө карата университетибиздеги 500гө жакын кызматкерлерине ОшМУнун ректораты жана профсоюз комитети тарабынан сый тамак жана концерттик программа уюштурулуп, кечеге чакырылгандарга профсоюз комитети тарабынан 2020-жылы 444, 2021-жылы 1040, 2022-жылы 365, 2023-жылы 850, 2024-жылы 548 ардагерге акчалай жардамдар көрсөтүлдү.

2020-жылы 35, 2021-жылы 20, 2022-жылы 19, 2023-жылы 24 , 2024-жылы 24 кызматкерге акчалай жардамдар берилди. Жыл сайын ар бир жылдын май айынын үчүнчү жекшембисинде өлкө аймагында Энелер күнү белгиленип келет. Агартуу тармагында үзүрлүү эмгектенүү менен үй-бүлөдө уул кыздарды татыктуу тарбиялап келе жаткан баатыр энелерди ОшМУнун жетекчилиги тарабынан "Энелер күнү" менен куттуктап, окуу жайдын кесиптик кошууну тарабынан акчалай сыйлык жана белек тапшырылат. орорзо айларында да ооз ачуу кечелери жыл сайын уюштурулду..

Ош мамлекеттик университетибизде бириккен профсоюз уюму өз ишмердигинде негизги өнөктөшүбүз болгон ректорат менен биргеликте социалдык камкордуктарды көрүү боюнча мындан ары да алгылыктуу иштерди улантууну максат кылат.

Дагы да болсо кесиптик бирлик кызматкерлердин камын көрүп, мыйзамдуу иш алып барууну негизги принцип катары тутунабыз.

Каныкей ЖОРОЕВА

"Дидактика"
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити
**Башкы редактор:**
Каныкей ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Фото кабарчы:** Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, "ММКны колдоо борбору" басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №95

# КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ӨЗБЕКСТАНДАГЫ ОКУТУЛУУСУ



***Кайсы доор, кайсыл мамлекеттик түзүлүш болбосун жаш муундун билим алуусуна колдоо көрсөткөн окуу жайларын ачууда. Алардын бири мектептер. Бүгүнкү күндө заманбап мектептердин негизги максаты - жаш муундарды татыктуу тарбиялоо. Мектептеги билим берүүнүн түпкү максаты – окуучуларды руханий жана эстетикалык тарбия менен гана эмес, илим-билим менен камсыздап, шык жөндөмүн ачуу.***

Билим берүү парадигмалары өзгөрүүдө, билим берүү системасы, билим берүү мекемелери мазмуну жана формасы боюнча ар түрдүү багытта жаңылanууда. Учурда Республикабызда жети тилде билим берилип жаткан болсо, алардын бири кыргыз тили.

Учурда өлкөбүздөгү 55 мектепте, анын ичинде Андижан облусунда 24, Фергана облусунда 6, Наманган облусунда 4, Жиззак облусунда 15, Ташкент облусунда 6 мектепте окуу кыргыз тилинде жүргүзүлүүдө.

Өзбекстан Республикасынын башка аймактарына салыштырмалуу кыргыз тилинин артыкчылыгы жана Андижан облусунда кыргыз тилин окуткан мектептердин көптүгүнөн улам Андижан мамлекеттик университетинин филология факультетинде кыргыз тили жана адабияты бөлүмү 2003-жылы ачылган. Ушул убакка чейин бул окуу жайынан 200дөн ашуу кыргыз улутундагы жаштар кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигин алышкан.

Өзбекстан Республикасынын Президентинин педагогикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана педагогикалык кадрларды даярдоочу жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн мындан ары өнүктүрүү чаралары жөнүндөгү №289 токтомуна ылайык Андижан мамлекеттик педагогикалык институту Андижан мамлекеттик университетинен бөлүнүп, Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы да 2021-2022-окуу жылынан баштап Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунда ишин улантууда.

Учурда бул багытта 8 окутуучу эмгектенет. Алардын 3өөсү филология илимдеринин доктору (PhD) илимий даражасын жана доцент наамын алышкан, 1 докторант, 2 кызматкер өз алдынча изилдөөчү катары илимий темаларынын үстүндө иштеп жатышат.

Андижан мамлекеттик педагогикалык институту коңшу Кыргызстандын тактап айтканда, Ош мамлекеттик университети, Батыралы Сыдыков атындагы Ош мамлекеттик эл аралык кыргыз-өзбек университети, Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети менен өз ара пайдалуу кызматташуу келишимдерин түзгөн. Бүгүнкү күндө алар окуу жана илимий иште, рухий-агартуу ишинде бекем өз ара байланыштарды түзүштү.

Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунун ОшМУ жана башка Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен өз ара пайдалуу кызматташтык мамилелери күндөн-күнгө жана жылдан-жылга өнүгүүдө. Бүгүнкү күндө кыргыз тили жана адабияты тармагында эле 20дан ашуун эки тараптуу конок лекциялары, көптөгөн эл аралык илимий-практикалык конференциялар, студенттердин алмашуусу жана экспедициялары уюштурулган.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессор-окутуучулары илимий иштеринин үстүндө иштеп жатышат. Тактап айтканда, филология илимдеринин доктору, профессор Салимахон Мирзаева Райымжоновнанын илимий жетекчилиги «Өзбек жана кыргыз элдик макал-лакаптарынын типологиясы» деген темада илимий ишимди коргоп, доцент наамын алдым. Илимий ишимдин негизги оппоненти ОшМУнун профессору, фольклорчу Гүлина Жамгирчиева Төлөбаевна болду. Ошондой эле Алисултанова Нигора филология илимдеринин доктору, профессор Салимахон Мирзаева Райымжоновнанын илимий жетекчилиги менен «Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы фольклоризмдердин типологиясы» деген темада филология илимдеринин доктору, профессор Дармоной Ораева Саидахмедовнанын илимий жетекчилигинде, Сулайманова Мехриниса "Өзбек жана кыргыз фольклордо зергерчиликтин чагылдырылышын такток» деген темада илимий иштерин ийгиликтүү жакташты.

Албетте, илимий иштерди жүргүзүүдө Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен эл аралык кызматташуу пайдалуу. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын китепканалары жана базалык китепканалары натыйжалуу пайдаланылып жатат. Илимий ишинин аягында Кыргызстан менен Өзбекстандын ЖОЖдорунун алдыңкы окумуштуулары, академиктери жана профессор-окутуучулары өздөрүнүн илимий иштерин оппонент катары жакташат, мындай кызматташтык жумушту кемчиликсиз даярдоого да жакшы таасирин тийгизет.

Учурда институт окутуучусу Сотиволдиев Муртаз докторантурада окуп, «Өзбек жана кыргыз элдик сыйкыр жомокторунун салыштырма-типологиялык анализи», Усманова Одина «Өзбек тилиндеги тамак-аш аттарын билдирген сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү жана кыргыз тилдери». Темирова Гүлмира «Өзбек жана кыргыз элдик табышмактарынын салыштырма типологиясы» аттуу илимий иштеринин үстүндө иштеп жатышат.

Илимий эмгектердин негизинде өзбек жана кыргыз элдеринин ой жүгүртүү тарыхынын жана практикасынын жалпы өнүгүшү, алардын коомдук-саясий, экономикалык турмушу, руханий дүйнөсү жалпылыктардын бар экендигин айгинелеп турганы белгилүү.

Учурда кыргыз тили жана адабияты боюнча 1-курста 27, 2-курста 17, 3-курста 16, 4-курста 10, жалпысынан 70 студент билим алууда.

2024-2025-окуу жылында Андижан мамлекеттик педагогикалык институтунда мектепке чейинки билим берүү жана баштапгыч билим берүү багыттары боюнча кыргызстандык окуучулардан түзүлгөн топтор уюштурулган. Учурда анда жалпысынан 13 студент билим алууда. Аларга аталган адистиктерден кыргыз тилин үйрөтүүчү адистер алынган.

Тили, дини бир өзбек жана кыргыз элдеринин мекенге, эмгекке, илимге, үй-бүлөгө, балага, коомго болгон мамилеси өзгөчө. Элибиз адамзатты жакшылыкка, асылдыкка үндөп, эмгекчилдиктин, мекенчилдиктин духунда тарбиялап, тынчтыкты, бейпилдикти даңазалап келет. Мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен биздин өзбек, кыргыз элдери ар дайым башка элдерге үлгү боло алышат. Андыктан экономикалык, билим берүү, илимий, маданий жана башка тармактардагы пайдалуу карым-катнашыбыз түбөлүктүү болсун!



Махбуба ТЕМИРОВА,
Андижан мамлекеттик педагогикалык инститнутунун орус жана кыргыз тил адабиятынын кафедра башчысы.